| | |
|---|---|
| **Предмети: Алиппе** | **1-класс** |

**Сабактын темасы: “Сс” тыбышы жана “Сс” тамгасы**


| **Негизги компетенттүүлүктөр**<br>1. Маалыматтык<br>2. Социалдык – коммуникативдик<br>3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | **Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү<br>**Колдонулуучу ыкмалар**: Айтып берүү, түшүндүрүү, талкулоо, аңгемелешүү, суроо- жооп.(Интерактивдүү)<br>**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар, баалоочу каражаттар.<br>**Предмет аралык байланыш:** Жазуу, сүрөт. |
|---|---|
| **Сабактын максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
| **А) Билим берүүчүлүк максаты:** Окуучулар бүгүнкү сабакта “Сс”тыбышы жана “Сс” тамгасы менен таанышышат. “Сс”тыбышы катышкан сөздөрдү үйрөнүшөт. | Окуучулар бүгүнкү сабакта “Сс”тыбышы жана “Сс” тамгасы менен таанышышса. “Сс”тыбышы катышкан сөздөрдү үйрөнүшсө. |
| **Б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Окуучулар ага карата кызыктуу тапшырмаларды аткарышат. Жаны сөздөрдү үйрөнүүдө кабыл алуусу, эске тутуусу, ой жүгүртүүсү өнүгөт. | Окуучулар ага карата кызыктуу тапшырмаларды аткарышса. Жаны сөздөрдү үйрөнүүдө кабыл алуусу, эске тутуусу, ой жүгүртүүсү өнүксө. |
| **В) Тарбиялык максаты:** Бири-биринин оюн угууга, сыйлоого жана бири-бирине жардам берүүгө тарбияланышат. | Бири-биринин оюн угууга, сыйлоого жана бири-бирине жардам берүүгө тарбияланышса. |


**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабактын этаптары** | **Убактысы** | **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
|---|---|---|---|
| **1.Уюштуруу** | **3 минут** | Саламдашуу<br>Саламатсыңарбы, балдар!<br>Жакшы эс алдынарбы? | Окуучулар мугалим менен саламдашса<br><br>Сабакты жакшы кабыл алууга өбөлгө түзүлсө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Маанайынар жакшыбы? Бүгүнкү сабакка даярбызбы?<br>Класста жагымдуу жагдай түзүү<br>Дайым ачык кабагым,<br>Дайым даяр сабагым.<br>Саламаттыкты каалаймын,<br>Саламатсыңарбы балдарым.<br>Окуучуларды тактоо<br>Окуу куралдарын толуктоо | |
| **2.Өтүлгөн теманы кайталоо** | **3-5 минут** | Өтүлгөн тема боюнча суроо берүү менен кыскача аңгемелешүү.<br>Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында “Жж” тыбышы жана “Жж” тамгасы боюнча суроо берет.<br>**Карточкаларды таратат.**<br>1. “Жж” тыбышынан башталган кандай сөздөр бар экен?<br>2. “Жж”тыбышы ортосуна келгенде сөздөрдү айтып көргүлөчү?<br>3. Силердин “Жж” тыбышынан башталган досторунардын аты?<br>**Окуучулардын оюн угуу.** | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча  суроолорго жооп берип кыскача аңгемелешет.<br>Карточкаларда катылган суроолорго жооп бере алышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.Жаңы теманы түшүндүрүү** | **5-8минут** | Мугалимдин сөзү. “Сс” тыбышы<br>Балдар, бүгүн Арсен базарга келди. Базардан жашылча жана сүт азыктарынан алайын деп жатат. Ал “Сс”тыбышы менен башталган нерселерди гана сатып алат. Кана, ойлонобуз. Арсен эмнелерди сатып алышы мүмкүн?<br>Азаматтар, силер тапкыч, шамдагай болдунар, туура таптынар. Арсен сүт, сыр, сабиз жана сарымсак сатып алат экен.<br><br>Балдар, бул сөздөр кайсы тыбыш менен башталды?<br>Ооба “Сс”тыбышы менен башталды. Анда эмесе балдар, бүгүнкү биздин өтө турган темабыз: “Сс”тыбышы жана “Сс”тамгасы.<br>Бүгүн силер сабакта “Сс”тыбышы жана “Сс” тамгасы менен таанышасыңар. Келгиле, “Сс”тыбышын туура угуп, 3 жолу кайталап айталы.<br>Жакшы, демек тыбышты биз оозубуз менен айтып, кулагыбыз | Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтышат. Билбеген суроолорду ортого салышат.<br><br>-Сүт, сыр, сарымсак, сабиз.<br>   <br><br>“Сс”<br><br>Окуучулар 3 жолу “Сс”тыбышын айтышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен уктук. Ал эми тамганы көрөбүз, жазабыз жана окуйбуз.<br><br>“Сс”тамгасы алфавиттин 21-тамгасы. Бул “Сс”тамгасынын жазма жана басма түрлөрү.<br>Балдар “Сс”тыбышын тамга менен белгиледик. Кайталайбыз тыбыш тамга менен белгиленет.<br>Келгиле, “Сс”тыбышын дагы 3 жолу кайталап айтып көрөлү.<br>Балдар, силер эмнени байкадыңар.<br>Ооба, “Сс”тыбышы айтылып жатканда аба тоскоолдукка учурап, тилибиз тиштерибизге тийишип, катуу айтылды. Демек, “Сс”тыбышы каткалаң үнсүз. | <br><br>Окуучулар “Сс”тыбышын 3 жолу кайталап айтышат. |
| **4.Жаңы теманы бышыктоо** | **7-10минут** | Мугалим окуучуларга тапшырма берет.<br>Келгиле, ушул сөздөргө талдоо жүргүзүп көрөлүчү?<br>Сунуштарды айтат.<br>Толуктоолорду киргизет.<br>Окуучуларды колдоп –кубаттайт.<br>Балдар бул сагызган.<br>Туура балдар, сагызган сөзүндө 8 тыбыш, 8 тамга жана 3 муун бар. | <br>Сагызган деген сөздө канча тыбыш, канча тамга, канча муун бар экендигин аныкташат. |


| | | | |
|---|---|---|---|
| | | “Сс”тыбышы сөздүн башында кездешти.<br>Мына балдар, биз сөзгө талдоо жүргүздүк, кийинки сөздөргө да талдоо жүргүзүп көрөлүчү?<br>Бул эмне?<br><br>Туура, бул арстан, баарыбыз чогуу кайталайбыз.<br>Балдар, сөздөн кайсыл тыбыштарды уктуңар? Сөздө канча тыбыш, канча тамга жана канча муун бар экен?<br>Азаматсыңар балдар, силер туура таптыңар. “Сс”тыбышы сөздүн ортосунда кездешти.<br>Азыр ушул сөздөрдүн бирөөсүн катыштырып, сүйлөм түзүп көрөлү. Сүйлөм сөздөрдөн түзүлөт. Сүйлөмүбүз 3 сөздөн турат. Биринчи сөз арстан болду. Калган эки сөздү толуктап сүйлөм түзөлү. | Арстан<br><br>Арстан сөзүн кайталап айтышат.<br>А-р-с-т-а-н 6 тыбыш, 6 тамга, 2 муун.<br><br>Арстан- токойдун падышасы. Арстан жапайы жаныбар. |


Азаматсыңар балдар. Эми силер менен бирге бир нече муундарды окуйбуз.

Окуучулар мугалимдин жардамында са, со, су, сы, ас, ос, ус, ыс муундарын окушат.





Жакшы. Эми муундардан сөз курап окуйлу. Окуучулар мугалимдин жардамында муундардан сөз курап окушат.






| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Азыр биз силер менен “Салтанат” аттуу текстти окуйбуз.<br><br>Салтанат<br>Сал-та-нат жо-мок о-ку-ду.<br>Жомок жолборс, арстан жана түлкү жөнүндө эле. Салтанатка жомок абдан жакты. Сайкал менен Садыр Салтанаттын достору. Салтанат досторуна жомокту айтып берди.<br>Азаматсыңар балдар, Азыр силер менен эс алуу көнүгүүлөрүн аткарабыз.<br>Кыймылдатып буттарды,<br>Туурайлы Эми куштарды.<br>Болбойлу алакты,<br>Окуйлу сабакты. | |
| **5. Сабакты жыйынтыктоо** | **3-5 минута** | Мээге чабуул<br>Азаматсыңар балдар, силер бүгүнкү сабакта кандай жаңы сөздөрдү үйрөндүңөр?<br><br>Мыктысыңар балдар, эми бүгүнкү сабагыбызды жыйынтыктап, эсибизге сактайлы. | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен<br>Аң сезими ойгонот, ойлонот, изденет, табат.<br>Окуучулар жаңы үйрөнгөн сөздөрдү аташат.<br><br> |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Бүгүн силер “Сс” тыбышы жана “Сс” тамгасы менен таанышып, “Сс” тыбышы каткалаң үнсүз экендигин жана сөздүн башында, ортосунда кездешээрин билдиңер. “Сс” тыбышы катышкан сөздөрдү туура атадыңар, муунга бөлдүңөр жана сүйлөм түздүңөр. Текстти окудуңар, ой жүгүртүүгө карата тапшырмаларды аткардыңар. Бул алган билимиңерди унутуп калбай, кайталап тургула. |  |
| **6.Үйгө тапшырма** | **2 минут** | Балдар, үйдөн “Сс” тыбышы катышкан сөздөрдөн таап, ошол сөздөргө сүйлөм түзүп келебиз. | Окуучулар үйдөн тапшырманы аткарышат. |
| **7.Окуучулардын билимин баалоо** | **2-3 минут** | **Жыйынтыктоочу жана шыктандыруучу баалоо.** | Күндөлүктү толтуруу.   |